**№ 02-086-2024-000066-01-001-000147**

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Баткен шаары 28.04.2024 -ж./г.

Баткен РИИБдин ТКнын улук тергөөчүсү милициянын капитаны С.Тажидинов, Баткен ОИИБдин АМС МЭЖне №02-086-2024-000066 саны менен катталган материалды карап чыгып,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Баткен ОИИБдин ТКнын КМТнын тергөөчүсү милициянын капитаны Ж.Сарыев билдирме менен кайрылып, анда Баткен шаарынын тургуну Муктар уулу Амирбек КРнын Борбордук шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылгандыгын, ал арызында КРнын Жогорку Кенешине Баткен бир мандаттуу №2 шайлоо округу боюнча депутаттын мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүгө байланыштуу талапкери Ойтемиров Махмуд Гиесович №4 бул округ боюнча элди добуш берүүгө үндөгөн мөөнөттү учурунда дастаркон жайып, элге тамак-аш берип үгүт иштерин жүргүзгөндүгүн, ошондой эле элдин алдында тамак берген учурда өзүнүн программасы менен тааныштырып, добуш алууга элди үндөп жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат билдируунун негизинде 28.04.2024-жылы Баткен ОИИБдин АМС МЭЖне №02-086-2024-000066 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталган.

Тергөөгө чейинки текшерүү ишинин жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталган: 2024-жылдын 22-апрель күнү болжол менен саат 18:00-18:30 чамаларында Баткен районунун Кара-Бак айылдык кеңешинин депутаттары кезектеги көчмө сессиясын Баткен районунун Кызыл-Бел айылындагы А.Масалиев атындагы орто мектебинде өткөрүшүп, сессиядан кийин жаңыдан кезек менен жергиликтуу кеңештин депутаты болуп дайындалган Баткен районунун Кызыл-Бел айылынын тургуну 30.12.1990-жылы туулган Темурбоев Косим Нуралиевич өзүнүн мандатын жууп, Кара-Бак айылдык кеңешинин депутаттарына өзүнүн Кызыл-Бел айылындагы “Кызыл-Бел Сити” аталышындагы кафесинде тамак берип жаткан учурунда №2 шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкерлигин койгон Ойтемиров Махмуд Гиесович келип калып, өзүн тааныштырып, программаларын айтып үгүт иштерин жүргүзгөн.

Текшерүү иштеринин жүрүшүндө 2024-жылдын 22-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоо алкагында үгүт иштери жүрүп жаткандыгы аныкталган.

Иш боюнча Кара-Бак айылдык кеңешинин депутаттары суракка алынып, 2024-жылдын 22-апрелинде “Кызыл-Бел Сити” аталышындагы кафеде алар өздөрүнүн кезектеги көчмө сессиясынан кийин чогулушкандыгын айтышып, КРнын ЖКне №2 шайлоо округунан талапкерлигин койгон М.Ойтемиров аталган жерге кокусунан кирип калгандыгын көрсөтүшкөн.

Ал эми, КРнын ЖКне №2 шайлоо округунан өз талапкерлигин койгон Ойтемиров Махмуд Гиесович 2024-жылдын 22-апрелинде Кызыл-Бел айылындагы Кызыл-Бел Сити аталышындагы кафеге тамактануу үчүн барып, ал жерде залда олтурган ага мурдатан тааныш болбогон 20-25 кишини көрүп, аларга

өзүн тааныштырып, алдына койгон программаларын жеткиргендигин, аны аталган кафеге эч ким чакырбагандыгын кабарлаган.

Демек, бул тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча М.Ойтемиров Кызыл-Бел Сити аталышындагы кафеде чогулуп олтурган Кара-Бак айылдык кеңешинин депутаттарынын чайларын уюштурбагандыгы жана алардын добуштарын сатып алууга аракет кылбагандыгы аныкталган.

Кыргыз Республикасынын КЖКнин 196-бер. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга көмөктөшүү жолу менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, ошого тете эл алдында аларга убада берүү –болуп саналат деп көрсөтүүлгөн.

Андыктан, №02-086-2024-000066 саны менен катталган материалды карап чыгып тергөөгө чейинки текшерүү ишинин материалдарында кылмыш курамы болбогондуктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартууну туура деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. №02-086-2024-000066 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча жосунда кылмыш курамы болбогондуктан кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.
2. Кабыл алынган чечимдин жыйынтыгы кызыккан тараптарга билдирилсин жана укутары түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун бир көчүрмөсү Баткен районунун прокуроруна жиберилсин.

Улук тергөөчү Тажидинов Сабыр Тажидинович